**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**

# КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна ушул Корутундусу (мындан ары – Корутунду) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык даярдалды.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы Корутундуда 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын материалдарын пайдаланган. Мыйзам долбоорун даярдоо боюнча иштер талдоого алынды, аларды түзүүнүн тартибин жана негизги көрсөткүчтөрдүн параметрлерин эсептөөнү жөнгө салуучу ченемдик жана методикалык базанын болушу жана абалы текшерилди жана бааланды.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 25-январындагы № 14 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Мыйзам менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММК фонду) 2021-жылга бюджетинин негизги параметрлери кирешелер жана чыгашалар боюнча 15 433 850,5 миң сом суммасында бекитилди.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесине ылайык ММК фондунун 2021-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жол-жобосун демилгелейт.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө ченемдик укуктук актынын долбоору Өкмөт тарабынан бекитилип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилет.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-

2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору ММК фонду тарабынан 2021-жылдын 11-ноябрында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине макулдашууга жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 11-ноябрындагы чыгыш №01-1/1-12347 каты менен «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору (бардык тиркемелери менен) министрликтерге жана ведомстволорго макулдашууга жөнөтүлгөн.

Жүргүзүлгөн макулдашуунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 19-ноябрындагы чыгыш №01-1/2-12909 каты менен «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору (бардык тиркемелери менен) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жактырылды жана 2021-жылдын 26-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлдү.

## «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун жалпы мүнөздөмөсү

Мыйзам долбооруна ылайык, ММК фондунун 2021-жылга бюджетинин негизги мүнөздөмөлөрүнө төмөнкүдөй негизги өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат:

1) Мыйзамдын редакциясынын бүткүл тексти боюнча 1-12-беренелерде «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу» деген сөздөрдү «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу» деген сөздөр менен алмаштыруу сунушталат;

2) 1-берене боюнча ММК фондунун 2021-жылга бюджети кирешелер жана чыгашалар боюнча 19 985 582,7 миң сом суммасында бекитилсин, б.а. бекитилген параметрлер (бекитилген бюджет - 15 433 850,5 миң сом) 4 551 732,2 миң сомго көбөйтүлөт;

3) мыйзам долбоорунун 6-беренеси боюнча төмөнкүлөр сунушталат:

- республикалык бюджеттен ММК Фондуна берилүүчү ассигнованиелердин көлөмүн 15 039 225,4 миң сом суммасында же бекитилген бюджеттен (11 191 341,7 миң сом) 3 847 883,7 миң сомго көп белгиленсин;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен ММК Фондуна чегерилүүчү милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өлчөмүн 2 823 802,3 миң сом суммасында же бекитилген бюджеттен 81 723,0 миң сомго көп белгиленсин (2 742 079,3 миң сом);

4) мыйзам долбоорунун 7-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин жүгүртүлүүчү накталай кассалык акчасынын көлөмүн 647 082,2 миң сом суммасында же бекитилген көлөмдөн (385 561,0 миң сом) 261 521,2 миң сомго көп белгилөө сунушталууда;

5) Ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына 1, 3, 4, 5 жана 6-тиркемелерди ушул мыйзам долбоорунун 1-5-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндоо сунушталат.

Ошентип, 1-тиркеме боюнча алынган расмий трансферттерден түшкөн кирешенин жалпы суммасы 3 733 764,3 миң сомго көбөйтүү сунушталат, анын ичинде:

- республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар боюнча жалпы суммасы 3 847 883,7 миң сомго;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен берилүүчү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бекитилген көлөмдөн 81 723,0 миң сомго көп;

- эл аралык уюмдардан трансферттер (гранттар) боюнча 234 502,2 миң сом көлөмүндө тактоо сунушталууда, бул бекитилген көлөмдөн 195 842,4 миң сомго аз.

Ошондой эле мыйзам долбоору менен акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн салыктык эмес кирешелерди 615 856,1 миң сомго көбөйтүү сунушталууда.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн булактары боюнча сунушталган өзгөртүүлөр төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт:

1) республикалык бюджеттен түшкөн каражаттар боюнча бекитилген көрсөткүчтөр 11 191 341,7 миң сомду түздү, мыйзам долбоору төмөнкү милдеттенмелерди аткаруу үчүн 15 039 225,4 миң сом суммасында бекитүү же 3 847 883,7 миң сомго көбөйтүү сунушталат:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 14-майындагы № 117-б буйругун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитетинин 2021-жылдын 14-майындагы чечимин аткаруу үчүн, саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатууга жана материалдык өбөлгөлөөгө 1 612 992,7 миң сом бөлүндү;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-июнундагы № 33-т тескемесинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 21-июнундагы чечиминин негизинде өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган бейтаптарга гемодиализ кызматын үзгүлтүксүз көрсөтүүгө акы төлөө үчүн 413 389,6 миң сом бөлүнгөн;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 14-январындагы №4-б буйругуна жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 18-январындагы чечимине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 11-январындагы № 30-б буйругуна жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 16-июнундагы чечимине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 11-октябрындагы № 231-т тескемесине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 19-октябрындагы чечимине ылайык эпидемия очогунда жана ага теңдештирилген аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөрдү өз убагында каржылоо үчүн 1 500 000,0 миң сом бөлүнгөн;

- «Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө 412 812,1 миң сом бөлүндү, анын 200 000,0 миң сому саламаттыкты сактоо уюмдарынын кредитордук карызын жабууга, 11 500,0 миң сому Улуттук онкология жана гематология борборунун Кан борборуна болгон кредитордук карызын жабууга, 197 244,6 миң сому «Жыйынтыкка негизделген программанын» иш-чараларына (ЖНП), 4067,5 миң сом «Ден соолук кербени» долбоорунун алкагындагы иш-чараларга багытталышы керек;

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ММК Фондунун бюджетине берилүүчү бюджеттик ассигнованиелерди 91 310,7 сомго азайтуу аркылуу бюджеттик каражаттарды (нормадан ашык запастарды) эсепке алуу жүргүзүлдү.

Муну менен, 2021-жылга республикалык бюджеттен ММК Фондуна берилүүчү чегерүүлөрдүн бекитилген суммасы кошумча бөлүнгөн каражаттарды эске алуу менен 3 847 883,7 миң сомго көбөйдү, анын натыйжасында такталган сумма 15 039 225,4 миң сомду түздү.

2) Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен берилүүчү милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн ушул мыйзам долбоору менен бекитилген суммадан 81 723,0 миң сомго көбөйүү менен каражаттардын көлөмүн 2 823 802,3 миң сом суммасында тактоо сунушталууда, бул милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүлөрдүн күтүлүп жаткан көбөйүшүнө байланыштуу.

3) 2021-жылдын аягына чейин ММК фондунун аккумуляциялык эсебине эл аралык финансы уюмдарынан гранттык каражаттар катары бардыгы болуп 234 502,2 миң сомдун келип түшүүсү күтүлүүдө.

Төмөнкү каражаттардын келип түшүүсү болжолдонууда:

- тандалып алынган стационардык кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын инфекциялык палаталарын оңдоо боюнча иш-чараларды каржылоого Азия өнүктүрүү банкынын долбоору боюнча 160 826,7 миң сом суммасында каражат;

- тандалып алынган стационардык кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын оңдоо иштерин каржылоого Дүйнөлүк банктын долбоору боюнча 65 195,5 миң сом суммасында;

- айылдык жана баруута кыйын аймактардын калкынын ооруларынын алдын алуу жана аныктоо үчүн Евразия өнүктүрүү банкынын «Ден соолук кербени» долбоору боюнча 8 480,0 миң сом.

4) 615856,1 миң сомго көбөйүү менен салыктык эмес кирешелердин көлөмүн тактоо.

ММК фондунун 2021-жылга бекитилген бюджетинде акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн киреше 618 114,5 миң сом, анын ичинде кошумча төлөм каражаттары 266 438,9 миң сом суммасында болжолдонгон.

Саламаттык сактоо уюмдарынын контекстинде акы төлөнүүчү медициналык жана медициналык эмес кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн кирешенин болжолдуу көрсөткүчүнө төмөнкүдөй тактоо жүргүзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 92-б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 19-апрелиндеги чечиминин негизинде 2021-жылдын башына карата саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарынын эсебинен, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-майындагы № 172-б буйругуна ылайык «Онкологиялык кызматты колдоо фонду» коомдук фондунан түшкөн 478 245,6 миң сом суммасындагы каражаттардын ММК фондунун атайын эсебиндеги 33 902,9 миң сом суммасында калдыгынын эсебинен ММК фондунун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү 109 386,1 миң сомго көбөйтүлдү;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 8-сентябрындагы № 173-б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 20-сентябрындагы чечиминин негизинде, саламаттык сактоо

уюмдарынын атайын эсептеринде топтолгон каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында, ММК Фондунун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү 506 470,0 миң сомго көбөйтүлгөн.

Такталган бюджетте акы төлөнүүчү медициналык жана медициналык эмес кызматтарды көрсөтүүдөн келип түшүүчү каражаттар 1 233 970,6 миң сом, анын ичинде кошумча төлөө каражаттары 547 745,8 миң сом суммасында болжолдонууда. Башкача айтканда, кошумча төлөмдөн түшкөн кирешелердин болжолу жана атайын эсептерде эсепке алынган каражаттар бекитилген бюджеттен 615 856,1 миң сомго жогорулоо менен такталган.

Саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттар боюнча ММК фондунун бекитилген бюджетиндеги сумма 618 114,5 миң сомду түздү, саламаттык сактоо уюмдарынын жана ММК фондунун атайын эсептериндеги акча каражаттары боюнча жыл башындагы калдыктар боюнча тактоолорду эске алуу менен пландык көрсөткүчтөр 618 114,5 миң сомго көбөйүп, жалпы сумма сумма 1 233 970,6 миң сомду түздү.

2021-жылы COVID-19 коронавирус инфекциясы боюнча пандемия учурундагы өзгөчө кырдаалга байланыштуу акы төлөнүүчү медициналык жана медициналык эмес кызматтар боюнча каражаттар саламаттык сактоо уюмдарынын кассаларына толук түшпөй тургандыгы болжолдонгон.

Белгилей кетсек, COVID-19 коронавирус инфекциясына байланыштуу өзгөчө кырдаалга карабастан, саламаттык сактоо уюмдары штаттык режимде иштеп жатат жана акы төлөнүүчү медициналык жана медициналык эмес кызматтарды көрсөтүүдөн саламаттык сактоо уюмдарынын кассалары аркылуу атайын эсептерге акча каражаттарынын иш жүзүндө келип түшүүсү бекитилген параметрлерден ашып кетти.

## Кассалык жүгүртмө накталай акча

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренеси менен 2021-жылдын башына кассалык жүгүртмө накталай акча 385 561,0 миң сом көлөмүндө белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 92-б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2021-жылдын 19-апрелиндеги чечиминин негизинде 2021-жылдын башындагы ММК Фондунун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарынын эсебинен ММК Фондунун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү 207 111,8 миң сомго көбөйтүлдү, анын ичинен:

- 2021-жылдын башына карата Улуттук онкология жана гематология борборунун максаттуу каражаттарынын калдыктарынын эсебинен (милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары) 88 577,1 миң сом;

- ММК фондунун борбордук аппаратын каржылоого каралган чыгымдар боюнча калдыктардын эсебинен 2 841,0 миң сом;

- Дүйнөлүк банктын «COVID-19 шашылыш долбоорунун» саламаттык сактоо уюмдарынын коронавирус инфекциясы менен байланышкан чыгымдарына каралган максаттуу каражаттардын калдыгы боюнча 14 769,1 миң сом;

- 59 083,8 миң сом, эпидемиянын очогунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүүгө республикалык бюджеттен бөлүнгөн максаттуу каражаттардын калдыгы;

- 3 465,4 миң сом, Улуттук фтизиатрия борбору үчүн кургак учукка каршы препараттарды сатып алууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн максаттуу каражаттардын калдыгы;

- 24 141,2 миң сом, саламаттык сактоо уюмдарынын жаңыдан ачылган жана профили өзгөртүлгөн жугуштуу оорулар бөлүмдөрүн каржылоо боюнча муктаждыктарды жабууга бөлүнгөн республикалык бюджеттин максаттуу каражаттарынын калдыгы;

- 7 605,6 миң сом, үй-бүлөлүк дарыгерлерге жана жалпы практика врачтарына индикаторлорду ишке ашыргандыктары үчүн акы төлөөгө бөлүнгөн республикалык бюджеттин максаттуу каражаттарынын калдыгы;

- 636,0 миң сом, амбулаториялык деңгээлде кургак учукту дарылоону ийгиликтүү аяктагандыгы үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын калдыктары;

- 5 992,6 миң сом, 2020-жылы ММК фондунун башка кирешелеринин эсебинен келип түшкөн каражаттардын калдыктары (саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарды максатсыз пайдалануусу).

Мындан тышкары, мыйзам долбоорунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-майындагы № 172-б буйругунун негизинде «Онкологиялык кызматты колдоо фонду» коомдук фондунан келип түшкөн каражаттардын калдыктары боюнча 478 245,6 миң сом суммасындагы салыктык эмес кирешелер эске алынган. Улуттук онкология жана гематология борбору тарабынан 2019-жылдын 11-апрелинде «MN Medical OU» ЖЧКсы менен 3 874 778 АКШ долларына «Тилкелик тездеткичтин» эки комплектин алып келүүгө келишим түзүлгөн.

Бюджеттик жоготууларга жол бербөө максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдын 1-августундагы № 85-б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы мультивалюталык эсеби боюнча иштөө регламентине ылайык 2019-жылдын 6-августунда ММК фонду тарабынан акча каражаты АКШ долларына конвертацияланып, Улуттук банктын курсу боюнча Борбордук казыналыктын эсебине 270 593,2 миң сом которулду.

2020-жылы келишимдин шарттарына ылайык, жеткирип берүүчүгө 10 % аванс түрүндө 387 477 доллар 80 цент өлчөмүндө каражат түздөн-түз

КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын эсебинен которулган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын мультивалюталык эсебиндеги 2021-жылдын 1-январына карата акча каражаттарынын пайдаланылбаган калдыктары 3 487 300,2 АКШ долларын түзүп (сом менен алганда конвертация учурундагы 2019-жылдын август айынын курсу боюнча 282 916,0 миң сомду түзгөн), кийинки бюджеттик жылга которулган.

Жеткирип берүүчү тарабынан линиялык тездеткичтерди жеткирүү, орнотуу жана эксплуатациялоочу жумушчуларды окутуу боюнча келишимдик милдеттенмелерди аткаруунун негизинде Борбордук казыналык мультивалюталык эсептен жеткирүүчүгө 3 487 300,2 АКШ доллары суммасында акча каражаттарын которду (Улуттук банктын 2021-жылдын 19-августундагы № 1293 төлөм тапшырмасы) сом менен алганда көлөмү конвертациялоо учурунда 2021-жылдын август айынын курсу боюнча 84,6000 сом болгондо 295 025,6 миң сомду түзгөн).

Белгилей кетсек, 2019-жылы акча каражаттарын АКШ долларына конвертациялоо боюнча туура чечимдин негизинде 24 432,4 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик каражаттарды жоготуу тобокелдиктерин болтурбоого мүмкүндүк берген.

Ошол эле учурда, мыйзам долбоорунда 2021-жылдын август айындагы конвертациялоо учурундагы курс боюнча 84,6000 сом менен эсептегенде 295 025,6 миң сомдун ордуна 2019-жылдын курсу боюнча 282 916,0 миң сом өлчөмүндө каражат эске алынган. Бул каражаттар боюнча курстук айырмадан улам бекитилген бюджетти 12 615,8 миң сомго көбөйтүү менен көлөмүн тактоо керек болчу.

Иш жүзүндө, 2020-жылга ММК фондунун бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча 2021-жылдын башына карата калдык түрүндө өткөн ММК фондунун эсебиндеги каражаттардын калдыгы 647 082,2 миң сомду түздү, муну такталган бюджетте бекитүү сунуш кылынат.

## ММК фондунун 2021-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү

ММК фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүндө 1-тиркемеге ылайык чыгымдардын жалпы суммасын 4 551 732,2 миң сомго (бекитилген бюджет 15 433 850,5 миң сом) көбөйтүү сунушталат же чыгашалар боюнча такталган бюджетти 19 985 582,7 миң сом суммасында бекитүү сунушталууда, анын ичинде төмөнкүлөрдүн эсебинен:

- 4 580 886,9 миң сом суммасында көбөйтүү:
  - эмгек акы 2 549,8 миң сом;
  - социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр боюнча 163,9 миң сомго;

- товарларды жана кызматтарды пайдалануу боюнча 4 577 116,1 миң сомго;

- товарларды жана кызматтарды сатып алуу боюнча 1 057,1 миң сомго;

- 29 154,7 миң сом суммасында азайтуу:

- коммуналдык кызматтар боюнча 183,6 миң сомго;

- негизги фонддор боюнча 28 971,1 миң сомго.

Тактоолор негизинен COVID-19 пандемиясы боюнча өзгөчө кырдаал режиминин киргизилишине байланыштуу артыкчылыктуу эмес чыгымдарды кыскартуу жана каражаттарды үнөмдөө максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан киргизилген мараторийге байланыштуу (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы № 93-б токтому), ММК Фондунун Борбордук аппаратын жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоого кеткен чыгашалар боюнча, бюджетти аткаруунун жүрүшүндө эмгек акы жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдү тактоого, иш сапар чыгымдарын тактоого жана негизги фонддорду сатып алууга байланышкан.

ММК фондунун 2021-жылга бюджетинин кирешелеринин бекитилген параметрлери жалпысынан 4 551 732,2 миң сомго көбөйдү, ошол эле учурда ММК фондунун бюджетинин чыгашалары боюнча параметрлери 4 551 732,2 миң сомго көбөйдү.

1-таблица (миң сом)

| | 2021-жылга бекитилген бюджет | 2021-жылга такталган бюджет | Айырмасы (+,-) |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| **КИРЕШЕЛЕР** | | | |
| Республикалык бюджеттин каражаттары | 11 191 341,7 | 15 039 225,4 | 3 847 883,7 |
| Социалдык фонддун бюджетинин каражаттары | 2 742 079,3 | 2 823 802,3 | 81 723,0 |
| Салыктык эмес кирешелерден келип түшкөн каражаттар | 618 114,5 | 1 233 970,6 | 615 856,1 |
| Эл аралык уюмдардан трансферттер | 430 344,6 | 234 502,2 | -195 842,4 |
| Жыл башына калдык | 439 970,4 | 647 082,2 | 207 111,8 |
| Башка кирешелер (анын ичинде ММК полиси) | 12 000,0 | 7 000,0 | -5 000,0 |
| **Бардык Кирешелер** | **15 433 850,5** | **19 985 582,7** | **4 551 732,2** |
| **ЧЫГАШАЛАР** | | | |
| Медициналык кызмат көрсөтүүлөр (саламаттык сактоо уюмдары) | 14 594 373,5 | 19 312 164,7 | 4 717 791,2 |
| Камсыздандыруу запасы | 385 561,0 | 235 316,9 | - 150 244,1 |
| «Онкологиялык кызматты колдоо фонду» коомдук фондунун каражаттары | 282 916,0 | 282 916,0 | - |

| | 2021-жылга бекитилген бюджет | 2021-жылга такталган бюджет | Айырмасы (+,-) |
|---|---|---|---|
| ММК фондунун административдик чыгымдары жана маалыматтык камсыздоо | 171 000,0 | 155 185,1 | - 15 814,9 |
| **Бардык чыгымдар** | **15 433 850,5** | **19 985 582,7** | **4 551 732,2** |

## ММК фондунун 2021-жылга бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылбай калуу тобокелдиктери

2021-жылдын 14-декабрына карата бюджетти аткаруунун жыйынтыгы боюнча республикалык бюджеттен иш жүзүндөгү келип түшүүлөр 14 820 177,7 миң сомду түзүп, же пландан 219 047,7 миң сомго аз түшкөн (98,5 %) (план 15 039 225,4 миң сом).

2021-жылдын 14-декабрына карата Социалдык фондунун бюджетинен келип түшкөн каражат 215 802,3 миң сомго кем түшүп, план 2 823 802,3 миң сом болсо, иш жүзүндө түшкөнү 2 608 000,0 миң сомду (92,3 %) түздү.

2-таблица (миң сом)

| | План | Факт | % аткар | Айырма |
|---|---|---|---|---|
| **Республикалык бюджет** | | | | |
| Январь | 932 611,8 | 879 631,8 | 94,3 | -52 980,0 |
| Февраль | 1 017 139,9 | 1 047 581,1 | 103,0 | 30 441,2 |
| Март | 980 779,0 | 898 167,2 | 91,6 | -82 611,8 |
| Апрель | 974 055,8 | 835 000,0 | 85,7 | -139 055,8 |
| Май | 1 009 831,9 | 950 000,0 | 75,8 | -59 831,9 |
| Июнь | 1 232 611,8 | 1 150 000,0 | 93,3 | -82 611,8 |
| Июль | 1 366 461,4 | 1 383 275,5 | 101,2 | 16 814,1 |
| Август | 1 469 165,6 | 1 586 782,2 | 108,0 | 117 616,6 |
| Сентябрь | 1 489 965,5 | 1 968 073,2 | 132,1 | 478 107,7 |
| Октябрь | 1 302 003,9 | 1 648 155,8 | 126,6 | 346 151,9 |
| Ноябрь | 1 290 668,5 | 1 358 529,5 | 105,3 | 67 861,0 |
| Декабрь (болжол) | 1 973 930,3 | 1 114 981,4 | 67,6 | -858 948,9 |
| **Жыйынтыгы** | **15 039 225,4** | **14 820 177,7** | **98,5** | **- 219 047,7** |
| **Социалдык фонддон ММК каражаттары** | | | | |
| Январь | 228 506,6 | 140 000,0 | 61,2 | -88 506,6 |
| Февраль | 228 506,6 | 240 000,0 | 105,0 | 11 493,4 |
| Март | 228 506,6 | 200 000,0 | 87,5 | -28 506,6 |
| Апрель | 228 506,6 | 235 000,0 | 102,9 | 6 493,4 |
| Май | 228 506,6 | 215 000,0 | 94,0 | -13 506,6 |
| Июнь | 228 506,6 | 300 000,0 | 131,2 | 71 493,4 |
| Июль | 228 506,6 | 175 000,0 | 76,6 | -53 506,6 |
| Август | 228 506,6 | 180 000,0 | 78,7 | -48 506,6 |

| | План | Факт | % аткар | Айырма |
|---|---|---|---|---|
| Сентябрь | 228 506,6 | 225 000,0 | 98,4 | -3 506,6 |
| Октябрь | 228 506,6 | 106 000,0 | 46,3 | -122 506,6 |
| Ноябрь | 228 506,6 | 242 000,0 | 105,9 | 13 493,4 |
| Декабрь (болжол) | 310 229,7 | 350 000,0 | 112,8 | +39 770,3 |
| **Жыйынтыгы** | **2 823 802,3** | **2 608 000,0** | **92,3** | **- 215 802,3** |
| **Бардыгы** | **17 863 027,7** | **17 428 177,7** | **97,6** | **-434 850,0** |

Жылдын жыйынтыгы боюнча республикалык бюджеттен ассигнованиялардын жана Социалдык фонддун бюджетинен каражаттардын толук келип түшүүсү күтүлүүдө.

## Жыйынтык

Сунушталып жаткан мыйзам долбоору негизинен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына жооп берет, бул мыйзам долбооруна тиркемелер Бюджеттик классификацияга ылайык даярдалган.

Ошол эле учурда, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджетинен берилүүчү каражаттар 2 823 802,3 миң сом суммасында 22,5 млн сом өлчөмүндө 1,5 пайызды кармап калуу менен чагылдырылган, бул бюджеттик мыйзамдардын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2019-жылга Бюджеттик резолюциясынын белгиленген ченемдерин бузуу болуп эсептелет.

## Сунуштар

ММК фондунун бюджетин талаптагыдай жана сапаттуу тактоону жана аткарууну, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсүн пландаштыруунун толуктугун камсыз кылуу максатында төмөнкүлөр сунушталат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:

- ММК Фондунун бюджетине камсыздандыруу төгүмдөрүн толук көлөмдө чегерүү боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун милдеттенмелеринин үстүбүздөгү жылдын аягына чейин аткарылышына тийиштүү контролдоону камсыз кылсын;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги № 2397-VI «Кыргыз Республикасынын 2019-жылга

Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө» токтомунун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшкөн көлөмүнөн 3 % өлчөмүндө каражатты Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алып коюшун жокко чыгаруу жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун операцияларын 2019-жылдан тартып Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу борборлоштурулган эсепке алууга өткөрүү жаатында аткарылышын камсыз кылуу, мунун өзү төмөнкүлөрдү камсыз кылууга мүмкүндүк берет:

- Социалдык фонддун бюджетине келип түшүүлөрдүн көлөмдөрү жөнүндө маалыматтарды актуалдаштырууну;

- Социалдык фонддун бюджетине келип түшкөн жыйымдардын жалпы көлөмү жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүү болушун.

2. ММК Фонду саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептерине акча каражаттарынын келип түшүшүн контролдоону камсыз кылсын жана келечекте алардын иш жүзүндө келип түшүүсүн эске алуу менен акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн каражаттардын көлөмүн болжолдосун.

3. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн иш жүзүндө келип түшкөн көлөмүнүн 1,5 пайызы өлчөмүндө 2020-жылга 36,6 млн сом суммасында жана 2021-жылга 22,5 млн сом суммасында кармалып калган каражаттардын кайтарылышын камсыз кылсын.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна финансылык-экономикалык экспертизанын жыйынтыгы боюнча ушул Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына карама-каршы келбей тургандыгын белгилейт (КР Бюджеттик кодексинин 115-беренеси).

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.С. Жоошбеков**